 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

**УДК: 371.31**

***Кожобекова Н.,***
*А. Мырсабеков атындагы Ош Мамалекеттик Педагогичкалык Университети*

# КРЕДИТТИК ОКУТУУ СИСТЕМАСЫ: СТУДЕНТТЕРДИН ТААНЫП-БИЛҮҮ ИШМЕРДҮҮЛҮГҮН ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУГА ДАЯРДЫГЫ

(педагогикалык факультеттердин мисалында)

***Кожобекова Н.,***
*Ошский государственный педагогический университет имени А. Мирсабекова*

# КРЕДИТНАЯ СИСТЕМА ОБУЧЕНИЯ: ГОТОВНОСТЬ СТУДЕНТОВ К САМОУПРАВЛЕНИЮ ПОЗНАВАТЕЛЬНОЙ ДЕЯТЕЛЬНОСТИ

(на примере педагогических факультетов)

***Kozhobekova N.,***
*A. Myrsabekov Osh State Pedagogical University*

# CREDIT SYSTEM OF TRAINING: READINESS OF STUDENTS TO SELF-MANAGEMENT OF COGNITIVE ACTIVITY

(on an example of pedagogical faculties)

**Аннотация:** Макалада «таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдык» түшүнүгүнүн маңызы жана кредиттик окутуу системасынын шартында студенттерде бул сапатты калыптандыруунун зарылдыгы каралат. Изилдөөнүн жүрүшүндө студенттердин окуу-таанып билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча уюштуруу, пландаштыруу, көзөмөлдөө жана баалоо жөндөмдөрүн өнүктүрүүнүн теориялык жана практикалык аспектилери талданды. Жүргүзүлгөн изилдөөнүн жыйынтыктары көрсөткөндөй, кредиттик окутуу системасы студенттердин өз алдынчалуулугун, жоопкерчилигин жана билим алуудагы активдүүлүгүн арттырууга өбөлгө түзөт. Ошондой эле таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыкты калыптандыруу үчүн атайын түзүлгөн дидактикалык шарттардын натыйжалуулугу негизделет. Макалада кредиттик-модулдук системаны колдонуу аркылуу окуу процессин уюштуруунун өзгөчөлүктөрү, студенттердин убактысын ийкемдүү пландаштыруу мүмкүнчүлүктөрү, жеке билим берүү траекториясын тандоо жана окуу жүктөмүн кредиттер аркылуу жөнгө салуу маселелери каралат. Мындан тышкары, кредиттик системанын артыкчылыктары жана кемчиликтери талданып, анын болочок педагогдордун кесиптик даярдыгын өркүндөтүүдөгү мааниси көрсөтүлөт.
***Түйүндүү сөздөр:*** *өзүн-өзү башкаруу, таанып-билүү ишмердүүлүгү, кредиттик система, кредиттик-модулдук окутуу, студент, дидактикалык шарттар, гумандуу мамиле, ишмердүүлүк мамиле, синергетикалык мамиле, кесиптик даярдык.*
**Аннотация:** В статье раскрывается сущность понятия «готовность к самоуправлению познавательной деятельностью» и обосновывается необходимость формирования данного качества у студентов в условиях кредитной системы обучения. Результаты проведённого исследования позволяют утверждать, что создание комплекса специально организованных дидактических условий способствует эффективному формированию готовности студентов к самоуправлению познавательной деятельностью в образовательном процессе вуза. Отмечается, что кредитные технологии обучения реализуются на основе кредитно-модульной системы и обеспечивают студентам возможность гибкого планирования учебного времени, выбора учебных дисциплин и модулей в соответствии с их интересами, образовательными потребностями и профессиональными целями. Особое внимание уделяется вопросам выбора индивидуальной образовательной траектории, определения объёма учебной нагрузки в кредитах, а также анализу преимуществ и недостатков кредитной системы обучения. Сделан вывод о том, что успешное функционирование кредитной системы требует высокого уровня самостоятельности, ответственности и способности студентов к самоуправлению собственной познавательной деятельностью.
***Ключевые слова:*** *самоуправление познавательной деятельностью, кредитная система обучения, студенты, образовательная траектория, кредитно-модульная система, гуманистический подход, деятельностный подход, синергетический подход, дидактические условия, самостоятельная работа.*
**Abstract.** The article reveals the subject matter of the notion “readiness for informative self-management” and the necessity of forming this quality in students under the credit teaching system conditions. The researches held by the authors make it possible to state that the creation of the offered complex of didactic conditions intentionally influences the formation process of higher-school students’ readiness for informative activity self-management under credit teaching system conditions. At the same time, it is noted that credit learning technologies are organized using a credit-modular system in the educational process and allow students to flexibly plan their time, choose study modules in accordance with their interests and professional goals. The results on the choice of the educational trajectory and the choice of the amount of educational load in the form of a loan, the analysis of achievements and shortcomings of the credit system will also be presented.
***Key words:*** *self-management, cognitive activity, credit system, training, humanistic approach, activity, synergetic approach, didactics, conditions etc.*

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

Акыркы жылдары дүйнө жүзүндөгү билим берүү системасы тез өзгөрүп жаткан шарттарга ыңгайлашуу зарылдыгы менен бетме-бет келүүдө. Илимдин жана технологиянын ыкчам өнүгүшү билимдин тез эскиришине алып келип, билим берүү мазмунун жана окутуу технологияларын үзгүлтүксүз жаңылоону талап кылууда. Ушундай шартта окутуунун жаңы моделдери жана технологиялары сунушталып, алардын ичинен кредиттик окутуу системасы өзгөчө орунду ээлейт. Дүйнөлүк билим берүү мейкиндигинде эки баскычтуу жогорку билим берүү системасына өтүү жана кредиттик технологияны киргизүү мамлекеттер аралык билим берүү интеграциясынын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Кредиттик окутуу системасы студенттердин өз алдынча билим алуусун, окуу ишмердүүлүгүн жекелештирүүнү жана алынган билимдерди чыгармачылык менен өздөштүрүү деңгээлин жогорулатууну көздөйт. Ошондой эле бул система студенттерге өзүнүн билим берүү траекториясын тандоого, окуу жүктөмүнүн көлөмүн кредиттер аркылуу пландаштырууга жана кесиптик кызыкчылыктарына ылайык окуу модулдарын өз алдынча тандоого мүмкүнчүлүк берет.

Кредиттик системанын артыкчылыктарын жана кемчиликтерин талдоонун негизинде төмөнкүдөй жыйынтыктарды чыгарууга болот:

– кредиттик системанын өзү автоматтык түрдө билим берүүнүн сапатын жогорулатууга кепилдик бере албайт жана билим сапатынын жогорку деңгээлин камсыз кылуучу жалгыз фактор болуп эсептелбейт;

– кредиттик системада окуу процессинин натыйжалуулугу көптөгөн ички жана тышкы факторлордон көз каранды. Аларга студенттердин заманбап окуу китептери, компьютердик техникалар жана интернет ресурстары менен камсыз болушу; окуу тайпаларындагы студенттердин саны; окутуунун ылайыктуу формаларын тандоо; окутуучулардын кесиптик квалификациясы; студенттердин окууга болгон мотивациясы; окуу-усулдук камсыздоо деңгээли жана өз алдынча ишмердүүлүктү уюштуруу жөндөмдөрү кирет.

Демек, жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде кредиттик системанын шартында студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүндө өзүн-өзү башкарууга даярдыгын калыптандыруу маселесин чечүүдө жогоруда аталган бардык факторлорду комплекстүү түрдө эске алуу зарыл. Мындай мамиле болочок педагогдордун кесиптик компетенттүүлүгүн өнүктүрүүгө, өз алдынча билим алуу жөндөмүн өркүндөтүүгө жана алардын келечектеги кесиптик ишмердүүлүгүнүн сапатын жогорулатууга өбөлгө түзөт.

Кредиттик системада окутуунун шартында, өзүн-өзү башкарууну таанып билүү ишмердүүлүгүн калыртандырууга студенттердин даярдыгын изилдөө проблемасы боюнча, кээ бир аспектилер белгилүү илимпоздор тарабынан көптөгөн изилдөө иштери изилденип келе жатат. Алар төмөнкүлөр: В.А. Бодровдун [1], О.А. Кнопкиндин [2], А.К. Осницкийдин [3] эмгектеринде өзүн-өзү башкаруу, инсандын өзүн-өзү өнүктүрүүсү структуралык компонент катары каралган. Е.П. Ильиндин [4], Л.И. Иванкиндин [5], Э.А. Ибраеванын [6], изилдөөлөрүндө болсо, өзүн-өзү башкарууну таанып билүү ишмердүүлүгүнүн калыптануусуна студенттердин даярдыгын аныктоонун факторлору тастыкталат. Ал эми, кредиттик системаны окутуу шартында окуу процессин уюштуруу маселеси А.А.Вербицкийдин, У.А. Абенованын, А.К. Наркозиевдин, Л.Ф. Гайсиндин, А.А. Леонтьевдин, К.Д. Добаевдин ж.б. изилдөөлөрүндө каралган.

Бирок жогоруда аталган эмгектерди талдоонун жыйынтыгында, жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде кредиттик система шартында студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыгын калыптандыруу маселеси бүгүнкү күнгө чейин жетиштүү деңгээлде изилденбегендиги аныкталды. Биз карап жаткан проблеманын айрым аспектилери жогоруда аталган окумуштуулардын изилдөө объектилерине кирген эмес. Аларга даярдыктын түзүмүн аныктоо, анын компоненттеринин мазмунун негиздөө, таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыктын критерийлерин иштеп чыгуу жана аны калыптандыруунун дидактикалык шарттарын белгилөө сыяктуу маселелер кирет.

Биздин тажрыйбалык изилдөөлөр көрсөткөндөй, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыгын калыптандыруу үчүн кредиттик окутуу системасынын алкагында атайын педагогикалык шарттарды түзүү зарыл. Мындай шарттарга төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

 DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

Биринчиден, аудиториялык сабактардын көлөмүн кыскартып, өз алдынча иштөөгө бөлүнгөн саатгардын санын көбөйтүү студенттерди таанып-билүү ишмердүүлүгүнө активдүү тартууга өбөлгө түзөт.

Экинчиден, кредиттик технологиянын негизинде окутууну максималдуу деңгээлде индивидуалдаштыруу студенттерге билим берүү траекториясын, окутуунун мазмунун жана формаларын тандоого мүмкүнчүлүк берет. Бул болсо алардын жеке мүмкүнчүлүктөрүнө ылайык окуу ишмердүүлүгүн уюштуруп, аз убакыт жана күч жумшоо менен жогорку натыйжаларга жетишүүсүнө шарт түзөт.

Үчүнчүдөн, баллдык-рейтингдик баалоо системасын колдонуу студенттердин билим деңгээлин үзгүлтүксүз көзөмөлдөөгө мүмкүндүк берет. Мындай система студенттердин жоопкерчилигин арттырып, алардын өз алдынчалуулугун жана окуу ишмердүүлүгүндөгү активдүүлүгүн күчөтөт.

Төртүнчүдөн, кредиттик система шартында окутуунун интерактивдүү методдорун кеңири колдонуу студенттердин таанып-билүү мотивациясын жогорулатууга жардам берет. Ошол эле учурда таанып-билүү ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу бир гана мотивацияга эмес, көптөгөн ички жана тышкы факторлорго байланыштуу болот.

Ушуга байланыштуу келечектеги адистерди кредиттик система аркылуу даярдоодо инсанга багытталган интерактивдүү билим берүү технологияларын колдонуу алардын таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыгын калыптандыруунун маанилүү каражаты болуп саналат. Кредиттик система студенттердин өз алдынчалуулугунун деңгээлин жогорулатып, таанып-билүү ишмердүүлүгүн максаттуу уюштурууга жана натыйжалуу башкарууга мүмкүнчүлүк түзөт.

Бул проблеманы теориялык жактан изилдөөгө арналган эмгектерди [1; 2; 3; 4; 5] талдоо жана жүргүзүлгөн эксперименттик изилдөөлөрдүн жыйынтыктары таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыкты өз ара байланышкан компоненттердин биримдиги катары кароого мүмкүндүк берди. Ошого ылайык, биз анын төмөнкүдөй структурасын сунуштайбыз: мотивациялык-максаттык компонент, уюштуруучулук-ишмердүүлүк компонент жана баалоо-рефлексиялык компонент.

Мотивациялык-максаттык компонент студенттин таанып-билүү ишмердүүлүгүнө болгон кызыгуусун, окуу ишмердүүлүгүндө ийгиликке жетүүгө умтулуусун, таанып-билүү мотивациясынын туруктуулугун, ошондой эле максаттарды өз алдынча коюп, аларга жетүүгө болгон аракетин мүнөздөйт.

Уюштуруучулук-ишмердүүлүк компонент өзүн-өзү уюштуруу, өз алдынча иш жүргүзүү, убакытты туура пландаштыруу, өзүн-өзү жөнгө салуу жана окуу ишмердүүлүгүн башкаруу жөндөмдөрүн камтыйт. Баалоо-рефлексиялык компонент студенттин өзүнүн окуу жетишкендиктерине баа бере алуусун, рефлексия жүргүзүү жөндөмүн, өзүн-өзү көзөмөлдөөнү, каталарды талдоону жана аткарылган иштерди оңдоону камсыз кылат. Бул компонент студенттин өзүнүн ишмердүүлүгүн аң-сезимдүү талдап, анын натыйжалуулугун жогорулатууга багытталган.

Изилдөөнүн методологиялык негизин гуманисттик, ишмердүүлүк жана синергетикалык мамилелер түзөт [7, 29-б.]. Аталган мамилелерди тандоо психологиялык-педагогикалык адабияттарды талдоонун негизинде аныкталды.

Гуманисттик мамиле студенттин инсандык өзгөчөлүктөрүн, анын кесиптик жана жеке өнүгүүсүн, өзүн-өзү өркүндөтүүгө болгон умтулуусун эске алууга негизделет. Бул мамиле студенттин ички мүмкүнчүлүктөрүн ачууга жана өз алдынча өнүгүүсүнө шарт түзүүгө багытталат [8, 92-б.]. Мындай көз караш инсандын өзүн башкарууга даярдыгын калыптандырууда маанилүү орунду ээлейт. Ишмердүүлүк мамиленин негизги идеясы инсанды ишмердүүлүк процессинде калыптанган жана өнүккөн субъект катары кароо болуп саналат. Башкача айтканда, студент өз алдынча ишмердүүлүк жүргүзүү аркылуу чечим кабыл алууга, өзүнүн мүмкүнчүлүктөрүн баалоого, өзүн өнүктүрүүгө жана өзүн-өзү ишке ашырууга үйрөнөт [9, 114-б.]. Натыйжада өзүнүн ишмердүүлүгүн пландаштырып жана уюштура алган инсан калыптанат.

Синергетикалык мамиле таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыкты татаал, динамикалуу жана өзүн-өзү уюштуруучу система катары кароого мүмкүндүк берет. Бул процессте өзүн-өзү башкаруу жана өзүн-өзү ишке ашыруу механизмдери негизги орунду ээлейт [10, 20-б.]. Мындай системанын негизги элементтери болуп интеллект, ой жүгүртүү, эмоциялар, социалдык тажрыйба жана рефлексия эсептелет.

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

Жогоруда белгиленген методологиялык мамилелер студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыгын калыптандыруу проблемасын комплекстүү кароого мүмкүндүк берет. Ошондой эле алар кредиттик система шартында студенттердин даярдыгын натыйжалуу калыптандырууга багытталган дидактикалык шарттардын комплексин аныктоого жана илимий жактан негиздөөгө шарт түзөт.

Ошентип, жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде кредиттик система шартында студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүн өз алдынча башкарууга даярдыгын калыптандыруу натыйжалуу болот, эгерде окуу процессинде таанып-билүү баалуулуктары актуалдаштырылып, студенттердин таанып-билүү мотивациясын максаттуу өнүктүрүү камсыз кылынса. Демек, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүндө өзүн-өзү башкарууга даярдыгын калыптандыруунун мазмунун туура тандоо зарыл. Ошону менен бирге окутуунун кредиттик системасынын өзгөчөлүктөрүн — окутууну максималдуу жекелештирүүнү, студенттердин өз алдынча иштеринин көлөмүн көбөйтүүнү, сабактарды интерактивдүү режимде өткөрүүнү жана студенттерди баалоодо баллдык-рейтингдик системаны колдонууну эске алуу маанилүү. Бул процессте төмөнкү принциптер негизги орунду ээлейт: диагностикалоо, этаптуулук, рефлексивдүүлүк, жекелештирүү жана дифференциациялоо, диалогдук баарлашуу, активдүүлүк жана өз алдынчалуулук.

Ошол эле учурда студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүндө өзүн-өзү башкарууга даярдыгын жогорулатуу үчүн бир катар стратегияларды колдонуу сунушталат. Алардын катарына окутуучулардын колдоосун күчөтүү, уюштуруучулук көндүмдөрдү өнүктүрүү, сынчыл ой жүгүртүү жана убакытты башкаруу боюнча семинарларды жана тренингдерди өткөрүү кирет. Мындан тышкары, насаатчылык (ментордук) программаларды уюштуруу да натыйжалуу болуп саналат. Мындай программаларда тажрыйбалуу окутуучулар жана ийгиликтүү студенттер жаңы шарттарга ыңгайлашууда кыйынчылыкка туш болгон студенттерге жардам көрсөтө алышат.

Санариптик технологияларды билим берүү процессине интеграциялоо дагы маанилүү факторлордун бири болуп эсептелет. Онлайн-платформаларды жана мобилдик тиркемелерди колдонуу студенттерге окуу процессин натыйжалуу уюштурууга, убакытты туура бөлүштүрүүгө жана өз алдынча ишмердүүлүгүн пландаштырууга мүмкүндүк берет. Ошондой эле окуу жамааттарын, кызыкчылык боюнча топторду жана студенттик клубдарды түзүү билим алууга болгон мотивацияны жогорулатып, тажрыйба алмашууга жана биргелешкен окууга шарт түзөт.

Жыйынтыктап айтканда, студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүндө өзүн-өзү башкарууга даярдыгы кредиттик технологиянын негизги артыкчылыктары менен тыгыз байланыштуу. Алар төмөнкүлөр болуп саналат:

1. **Окууну жекелештирүү** – ар бир студент өзүнүн кызыкчылыктарына, жөндөмүнө жана кесиптик максаттарына ылайык окуу модулдарын тандай алат.
2. **Ийкемдүүлүк** – модулдук окутуу студенттерге билим алууну эмгек ишмердүүлүгү жана башка социалдык милдеттер менен айкалыштырууга мүмкүнчүлүк берет.
3. **Билим сапатын баалоо** – кредиттик система студенттердин окуу жетишкендиктерин объективдүү баалоого жана окуу материалдарын өздөштүрүү деңгээлин так аныктоого шарт түзөт.

Демек, жогорку окуу жайлардын педагогикалык факультеттеринде кредиттик технологияларды колдонуу студенттердин өз алдынча билим алуу жөндөмүн өнүктүрүүгө, окутуучулар менен натыйжалуу өз ара аракеттенүүсүн камсыз кылууга, сынчыл ой жүгүртүүсүн өркүндөтүүгө жана кесиптик компетенттүүлүгүн жогорулатууга өбөлгө түзөт. Ошондуктан студенттердин таанып-билүү ишмердүүлүгүндө өзүн-өзү башкарууга даярдыгын калыптандыруу кредиттик системада окутуунун негизги багыттарынын бири болуп саналат.

**Адабияттар:**

1. Бодров В.А. Психология профессиональной пригодности / В.А. Бодров. – Издательство: «ПЕР СЭ». – 2006-ж. – 6-б.
2. Кнопкин О.А. Психологические механизмы регуляции деятельности / О.А.Кнопкин. – М: Наука. – 1980. – 162-б.
3. Осницкий А.К. Развитие саморегуляции на разных этапах профессионального самоопределения / А.К. Осницкий // Вопросы психологии. – 2009. – 46-б.

DOI:10.34855/elagartuu2026.4-5

4. Е. П. Ильин. Практикум по психологии менеджмента и профессиональной деятельности / Под ред. Г. С. Никифорова, М. А. Дмитриевой и В. М. Снеткова. – 2009. – 211-б.
5. Иванкина Л.И. Кредитная система как фактор мотивации повышения качества обучения в вузе / Л.И. Иванкина // Вестник Бурятского университета. – 2011. – №1. – 153- 159-бб.
6. Ибраева Э.А. Актуальные вопросы внедрения кредитной системы обучения в учебных заведениях профессионального образования. / Э.А.Ибраева // Вестник Бурятского университета. – 2014. – №1. – 122-129-бб.
7. Иванкина Л.И. Кредитная система как фактор мотивации повышения качества обучения в вузе / Л.И. Иванкина // Вестник Бурятского университета. – 2011. – №1. – 29-б.
8. Ибраева Э.А. Актуальные вопросы внедрения кредитной системы обучения в учебных заведениях профессионального образования / Э.А.Ибраева // Вестник Бурятского университета. – 2014. – №1. – 92-б.
9. Наркозиев А.К. Кредитная техноло–гия обучения как основа проектирования результатов образования / Наркозиев А.К. – «Народное образование. педагогика» (https://cyberleninka.ru/article/.../kreditnaya-tehnologiya-obucheniya-kak- osnova-proektirovaniya-rezultatov-obrazovaniya). – 114-б.
10. Гайсина Л.Ф. Формирование готовности студентов вуза к общению в мультикультурной среде: Автореф. дис.канд. пед. наук. / Л.Ф. Гайсина. // — Оренбург, 2003. — 20-б.